**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «____» ___________ 201___-жылдагы №______ буйругу менен бекитилген.

# Орто кесиптик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты

Адистик: **050720 – Дене тарбия**

Квалификация – **Дене тарбия жана спорт боюнча педагог**

Бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

Мазмуну


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Жалпы жоболор | 3 |
| 2. | Колдонулуу тармагы | 4 |
| 3. | Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү | 5 |
| 4. | Кесиптик негизги билим берүү программасын ишке ашырууга карата жалпы талаптар | 7 |
| 5. | Кесиптик негизги билим берүү программасына карата талаптар | 9 |
| 6. | Кесиптик негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжаларына карата талаптар | 9 |
| 7. | Кесиптик негизги билим берүү программасынын структурасына карата талаптар | 11 |
| 8. | Кесиптик негизги билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар | 23 |

## I. Жалпы жоболор

1.1. Орто кесиптик билимдин 050720 – Дене тарбия адистиги боюнча билим берүүнүн бул мамлекеттик стандарты «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамга жана билим берүү тармагындагы Кыргыз Республикасынын башка нормативдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген.

Бул билим берүүнүн мамлекеттик стандартын орто кесиптик билимдүү адистерди даярдоо боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын бардык педагогикалык колледждери, алардын уюштуруу-укуктук формаларына карабастан, аткарууга милдеттүү болуп эсептелет.

### 1.2. Терминдер жана аныктамалар

Бул орто кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандартында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана орто кесиптик билим берүү сферасындагы эл аралык документтерге ылайык, Кыргыз Республикасында аныкталган тартипте кабыл алынган терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- ***компетенттүүлүктүк подход*** – билим берүүнүн натыйжаларын окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнүн компетенцияларынын актуалдуу жыйындысы катары жана бул компетенциялардын калыптанышынын тиешелүү деңгээлдери катары баалоого негизделген, билим берүү процессинин максаттарын аныктоого, мазмунун тандап алууга, уюштурууга, окутуу технологияларын тандоого карата подход;
- ***компетенция*** – тиешелүү тармакта кесиптик ишмердик аткаруу үчүн зарыл болгон жекече сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн динамикалуу комбинациясы;
- ***компетенттүүлүк*** – ишмердиктин белгилүү бир түрүндө зарыл болгон компетенциялардын жыйындысы;
- ***жалпы компетенция (ЖК)*** – ишмердиктин жалпы түрүндөгү маселелерди чечүү үчүн практикалык тажрыйбанын, билгичтиктердин жана билимдердин негизинде ийгиликтүү аракеттенүүгө жөндөмдүүлүк;
- ***кесиптик компетенция (КК)*** – ишмердиктин кесиптик түрүндөгү маселелерди чечүү үчүн практикалык тажрыйбанын, билгичтиктердин жана билимдердин негизинде ийгиликтүү аракеттенүүгө жөндөмдүүлүк;
- ***кесиптик негизги билим берүү программасы (КНБП)*** – тиешелүү адистик боюнча билим берүү процессинин максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун жана аны ишке ашыруунун уюштурулушун тейлөөчү окуу-методикалык документациянын жыйындысы, ага жумушчу окуу планы, окуу курстарынын, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программалары жана студенттерди тарбиялоонун жана даярдоонун сапатын камсыздоочу башка материалдар, ошондой эле окуу жана өндүрүштүк практикалардын программалары, календардык окуу графиги жана тиешелүү билим берүү технологиясын ишке ашырууну камсыз кылуучу методикалык материалдар киришет.
- ***дисциплиналардын цикли (ДЦ)*** **–** билим берүү программасынын бир бөлүгү же окутуу-тарбиялоонун аныкталган максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык бүтүндүктү түзгөн окуу дисциплиналарынын жыйындысы;
- ***кесиптик модуль (КМ)*** **-** окутуу-тарбиялоонун аныкталган максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык бүтүндүктү түзгөн, окуу дисциплинасынын бир бөлүгү;
- ***кредит (зачёттук бирдик)*** **–** кесиптик негизги билим берүү программасындагы эмгектин сарпталышынын шарттуу өлчөмү;
- ***окутуунун натыйжалары*** – негизги билим берүү программасы же модуль боюнча окутуунун натыйжасында өздөштүрүлгөн компетенциялар.

### 1.3. Кыскартуулар жана аталыштар

Бул билим берүүнүн Мамлекеттик стандартында төмөнкү кыскартуулар колдонулат:

***БМС*** – билим берүүнүн мамлекеттик стандарты;
***ОКБ*** – орто кесиптик билим;
***ОКБ БМС*** – орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты;
***КНБП*** – тиешелүү адистик боюнча кесиптик негизги билим берүүнүн программасы;
***КНБП ДЦ*** - кесиптик негизги билим берүүнүн программасынын дисциплиналар цикли;
***ОКБМ*** – орто кесиптик билим берүү мекемеси;
***ЖК*** – жалпы компетенциялар;
***КК*** – кесиптик компетенциялар;
***КД*** – кесиптик дисциплина;
***ОМБ*** – окуу-методикалык бирикме;
***КМ*** – кесиптик модуль;
***ДАК*** – дисциплина аралык курс;
***ДЦ*** – дисциплиналардын цикли.

### 2. Колдонуу аймагы

**2.1.** Бул орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (мындан ары – ОКБ БМС) 050720 – «Дене тарбия» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруудагы милдеттүү талаптардын жыйындысы болуп саналат да, Кыргыз Республикасынын аймагында лицензияга же мамлекеттик аккредиттацияга (аттестацияга) ээ, уюштуруу-укуктук формасына карабастан, бардык орто кесиптик билим берүү мекемелерине (мындан ары – ОКБМ) окуу документациясын, уюштуруу-методикалык документацияларды иштеп чыгуу үчүн, орто кесиптик негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп саналат.

**2.2. 050720 – «Дене тарбия» адистиги боюнча ОКБ БМСтин негизги колдонуучулары:**

- аталган адистик боюнча кесиптик негизги билим берүү программасын ишке ашырууга укуктуу орто кесиптик билим берүү мекемелеринин жетекчилиги жана педагогикалык курамы;
- бул адистик боюнча кесиптик негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча окуу ишмердигин жүргүзүүгө жооптуу болгон студенттер;
- кесиптик ишмердиктин тиешелүү сферасындагы адистердин жана жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү сферасындагы аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча кесиптик негизги программаларды иштеп чыгууну камсыз кылган окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- орто кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыздаган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- орто кесиптик билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөчү, бул системада аттестацияны, аккредитацияны жана сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу, аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары.

### 3. АДИСТИКТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**3.1. 050720 – «Дене тарбия» адистиги боюнча кесиптик негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн формалары:**

- күндүзгү окуу формасы;
- кечки окуу формасы;
- аралыктан (дистанттык) окуу формасы.

**3.2.** Жалпы орто билимдин базасында, күндүзгү окуу формасында 050720 – «Дене тарбия» адистигинин кесиптик негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү 1 жыл 10 айды түзөт (айрым адистиктер – 2 жыл 10 ай). Аталган кесиптик негизги билим берүү программасы негизги жалпы билимдин базасында ишке ашырылган учурда өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү 1 жылга узарат.

ОКБнын КНБПсын окуунун кечки жана дистанттык формалары боюнча өздөштүрүү мөөнөттөрү аныкталган күндүзгү формадагы нормативдик мөөнөткө салыштырмалуу 6 айга ОКБМ тарабынан узартылат.

ОКБнын КНБПсын өздөштүрүүнүн башка нормативдик мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

### 3.3. Орто кесиптик билимдин кесиптик негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сарпталышы

Окутуунун күндүзгү формасында бир окуу жыл ичиндеги эмгек сарптоонун көлөмү 60тан кем эмес кредитке (зачёттук бирдикке) барабар. Бир окуу семестриндеги эмгек сарптоонун көлөмү 30 кредитке (зачёттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик түрдө уюшулган учурда).

Бир кредит (зачёттук бирдик) студенттин 36 сааттык окуу ишине барабар (буга аудиториялык иш, өз алдынча иштер жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Окутуунун кечки жана дистанттык формалары боюнча кесиптик негизги билим берүү программасынын эмгек сарптоо көлөмү бир окуу жылында 45 кредиттен (зачеттук бирдиктен) кем болбоого тийиш.

**3.4. 050720 – «Дене тарбия» адистигинин орто кесиптик билимдин кесиптик негизги билим берүү программасынын** инсанды окутуу жана тарбиялоо багытындагы **максаттары.**

**3.4.1.** «Дене тарбия» адистигинин ОКБнын КНБПсынын окутуу багытындагы максаты: бүтүрүүчүгө дене тарбия жана спорт сферасында ийгиликтүү иштөөгө, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна көмөктөшүүчү, универсалдык жана кесиптик компетенцияларга ээ болушуна мүмкүндүк берүүчү, кесиптик жактан профилдештирилген билим берүү.

**3.4.2.** «Дене тарбия» адистиги боюнча ОКБнын КНБПсынын инсанды тарбиялоо багытындагы максаты:
- турмушка даярдоо жана активдүү атуулдук позициясын калыптандыруу;
- максатка умтулууга, тыкандыкка, эмгекчилдикке, жоопкерчиликке, атуулдукка, адамдар менен тил табыша билүүгө (коммуникативдүүлүккө), толеранттуулукка, жалпы маданиятты жогорулатууга, өзүн өзү өнүктүрүүгө тарбиялоо.

**3.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин алкагына** төмөнкүлөр кирет:
- дене тарбия сферасындагы билим берүү;
- дене тарбия жана спорт;
- кыймылдык рекреация жана дене тарбиянын каражаттары менен оорулардын алдын алуу жана калктын ден соолугун чыңдоо боюнча ишмердик;
- тейлөө сферасы;
- туризм.

Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердигинин багыттары:
- адамдын физикалык, психикалык жана функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү;

- активдүү жана сергек жашоонун мүнөзүнүн принциптерин бекемдөө, аларды дене тарбиянын каражаттары менен практикалык түрдө ишке ашыруу;
- инсанды калыптандыруу, аны жалпы адамзаттык баалуулуктарга жана дене тарбия баалуулуктарына тартуу.

**3.6. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектилери.**

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектилерине төмөнкүлөр кирет:

- дене тарбия жана спорт сферасындагы ишмердикке тартылган адамдар жана ден соолук чыңдоо боюнча кызматтардын, спорттук тейлөө кызматтарынын потенциалдуу кардарлары;
- инсандын дүйнөтаанымдык, мотивациялык-баалуулуктук багыттарынын калыптануу процесстери, ден соолукту сактоо жана чыңдоо, жашоонун сергек мүнөзүн карманууга карата психологиялык баалуулуктардын калыптанышы, адамдын психофизикалык абалын оптималдаштыруу процесстери, ар түрдүү кыймылдык көндүмдөрдү жана алар менен байланышкан билимдерди өздөштүрүү, кыймылдык жөндөмдөрдү жана эмгекке жөндөмдүүлүктүн жогорку деңгээлин өнүктүрүү процесстери.

**3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү:**

Бүтүрүүчү ишмердиктин төмөнкү түрлөрүнө даярдалган:

- билим берүү мекемелеринин бардык түрлөрүндөгү, менчиктин ар кыл түрлөрүндөгү спорттук уюмдардагы жана ишканалардагы педагогикалык ишмердик;
- спорттук мектептерде, клубдарда жана менчиктин ар кыл түрлөрүндөгү башка уюмдарда тренерлик ишмердик;
- дене тарбия жана спорт тармагындагы маданий-агартуучулук ишмердик.

Бүтүрүүчү негизинен даярдалган кесиптик ишмердиктин конкреттүү түрлөрү студенттер, окуу жайдын педагогикалык кызматкерлери жана жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелери менен бирдикте окуу жайы тарабынан аныкталат.

**3.8. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердигинин милдеттери.**

Бүтүрүүчү, өзүнүн кесиптик ишмердигинин түрлөрүнө жана даярдоо профилине ылайык, төмөнкү кесиптик маселелерди чечүүгө даярдалган:

**3.8.1. Педагогикалык ишмердикте:**

- Дене тарбиялык-спорттук сабактардын жүрүшүндө, дене тарбиянын каражаттарын колдонуп, окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандырууга көмөктөшүү, аларды жалпы адамзаттык баалуулуктар жана жашоонун сергек мүнөзү менен тааныштыруу;
- Мектептик, жалпы жана кесиптик билим берүү мекемелеринин алкагында педагогикалык ишмердик жүргүзүү;
- Окуу пландарынын алкагында, окуучулардын контингентин эске алуу менен, окутуунун мазмунун аныктоо;
- Окуучулардын курактык-жыныстык өзгөчөлүктөрүнө жараша окуу процессинин максатын жана милдеттерин аныктоо, коюлган милдеттерге ылайык окутуунун жана дене тарбиянын каражаттарын, методдорун тандап алуу;
- Индивиддин физикалык жана функционалдык абалын баалоо жана анын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык физикалык жүктөмдүн өлчөмүн аныктоо;
- Окуу процессинде колдонулуп жаткан каражаттардын жана методдордун натыйжалуулугун баалоо жана аларга түзөтүү киргизип туруу;
- Билимдердин, кыймылдык билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн зарыл көлөмүн камсыздоо, окуучулардын ден соолугун жана эмгек ишмердигин сактоо жана чыңдоо үчүн жетиштүү болгон физикалык даярдыгынын деңгээлин камсыз кылуу.

**3.8.2. Тренерлик ишмердикте:**

- Окуучуну спорттун тандап алган түрү менен машыктыруу учурунда анын инсандыгын калыптандырууга көмөктөшүү, жалпы адамзаттык баалуулуктарга жана жашоонун сергек мүнөзүнө, калыс спорттук атаандаштыктын моралдык принциптерине тарбиялоо;
- Спорттун тандалган түрү менен машыктыруу үчүн тандап алууда заманбап технологияларды колдонуу;
- Машыгуу процессинин максаттарын жана милдеттерин машыгуучулардын курактык-жыныстык өзгөчөлүктөрүнө жараша аныктоо;
- Коюлган милдеттерине шайкеш келген спорттук машыгуунун каражаттарын жана методдорун тандап алуу, индивиддин мүмкүнчүлүктөрүнө жараша, спорттук натыйжага жетүүгө багыт берүү менен жүктөмдүн өлчөмүн аныктоо;
- Машыгуучулардын функционалдык абалын, кыймылдык аракеттердин техникасынын жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнүн жетишилген деңгээлин көзөмөлдөөнүн негизинде машыгуу процессин башкаруу жана машыгуу процессине тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизип туруу.

**3.8.3. Дене тарбия жана спорт сферасындагы илимий-изилдөөчүлүк ишмердикте:**

- дене тарбия жана спорт сферасына байланыштуу негизги фактыларды, түшүнүктөрдү жана теорияларды талдоо;
- изилдөөнүн ылайыктуу методдорун жана методикасын колдонуу;
- маалыматтык технологияларды колдонуу менен изилдөөнүн жыйынтыктарын иштетүү, илимий анализ жүргүзүү.

**3.8.4. Дене тарбия жана спорт тармагындагы уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердикте:**

- Өзүнүн кесиптик ишмердигинде КР мыйзамдарын, дене тарбия жана спорт, билим берүү сферасындагы нормативдик-укуктук актыларды жетекчиликке алуу;
- Ден соолук чыңдоочу, массалык дене тарбиялык жана спорттук иш-чараларды уюштуруп, өткөрүп туруу;
- Эмгекти коргоонун, коопсуздук техникасынын эрежелерин жана нормаларын сактоо, машыгуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоону камсыз кылуу.

**3.8.5. Дене тарбия жана спорт сферасындагы маданий-агартуучулук ишмердикте:**

- Дене тарбия машыгууларынын ден соолукту чыңдоого, эмгекке жөндөмдүүлүктү колдоого тийгизген таасири жөнүндө, активдүү узак өмүр, балдарды жана жаштарды спорт менен машыгууга тартуу маселелери жөнүндө агартуучулук жана үгүттөөчүлүк иштерди жүргүзүү.

**3.9. Бүтүрүүчүнүн билимин улантуу мүмкүнчүлүктөрү**

Орто кесиптик билимдин 050720 – «Дене тарбия» адистигинин кесиптик негизги билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү:

- жогорку кесиптик билимдин негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө даярдалган;
- жогорку кесиптик билимдин тиешелүү даярдоо багыты жана адистиктери боюнча негизги билим берүү программасын кыскартылган мөөнөттөрдө өздөштүрүүгө даярдалган.

## 4. Кесиптик негизги билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

Орто кесиптик билим берүү мекемесинин КНБПны ишке ашыруудагы укуктары жана милдеттери.

4.1.1. ОКБМ адистик боюнча КНБПны өз алдынча иштеп чыгат. КНБП тиешелүү адистиктин билим берүү мамлекеттик стандартынын негизинде, эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен иштелип чыгат.

ОКБМ илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык сферанын өнүгүшүн эске алуу менен КНБПн жыл сайын жаңыртып турууга милдеттүү, мында билим сапатынын гарантиясын камсыз кылуучу төмөнкү сунуштарды кармануу керек:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгуу;
- билим берүү программаларын мониторлоо, мезгил-мезгили менен рецензиялап туруу;
- студенттердин билим жана билгичтик деңгээлдерин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын таасын, макулдашылган критерийлердин негизинде баалоонун объективдүү процедураларын иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;
- ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын бардыгын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөө, анын ичинде студенттерди сурамжылоо жолу менен;
- өз ишмердигин (стратегиясын) баалоо жана бөлөк билим берүү мекемелери менен салыштыруу үчүн такталган критерийлер боюнча өзүн өзү иликтөөнү дайыма жүргүзүп туруу;
- өз ишмердигинин натыйжалары, пландар, инновациялар жөнүндө коомчулукка маалымат берип туруу.

4.1.2. Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын баалоо алардын учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жекече жетишкендиктеринин тиешелүү билим берүү программасынын учурдагы же жыйынтык талаптарына туура келишин аттестациялоо үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, тесттерди ж.б. камтыган баалоочу каражаттардын базасы түзүлөт, алар билимдерди, билгичтиктерди жана өздөштүрүлгөн компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берет. Баалоочу каражаттардын базасы ОКБМ тарабынан иштелип чыгып, бекитилет.

Бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишинин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына карата талаптар ОКБМлеринин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө Жобону эске алуу менен ОКБМ тарабынан аныкталат.

4.1.3. КНБПны иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, коомдук өз ара мамиле түзүү, өзүн өзү уюштуруу жана өзүн өзү башкаруу компетенцияларын, системалык ишмердиктик мүнөздөгү компетенцияларды) калыптандыруу боюнча ОКБМдин мүмкүнчүлүктөрү аныкталууга тийиш. ОКБМ окуу жайда социомаданий чөйрө калыптандырууга, инсандын ар тараптан өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

ОКБМ окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентинин өнүгүшүнө, анын ичинде студенттик өзүн-өзү башкаруунун, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, студенттик илимий коомдордун иштерине катышуусунун өнүгүшүнө жардам берүүгө милдеттүү.

4.1.4. ОКБМнын КНБПсы ар бир ДЦнын вариативдик бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды камтууга тийиш. Студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды киргизүүнүн тартибин ОКБМнин Педагогикалык кеңеши аныктайт.

4.1.5. ОКБМ студенттерге өз окуу программасын түзүүгө катышуу үчүн реалдуу мүмкүнчүлүк түзүп берүүгө милдеттүү.

4.1.6. ОКБМ студенттерди КНБПсын түзүү учурундагы өз укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, студенттер өздөрү тандаган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү дисциплина болуп каларын, дисциплиналардын жалпы эмгек сарптоо көлөмү окуу планында көрсөтүлгөндөн кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

4.2. КНБПны ишке ашыруудагы студенттин укуктарына жана милдеттерине жалпы талаптар

4.2.1. Студенттер КНБПда каралган студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплинасына бөлүнгөн окуу саатынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу.

4.2.2. КНБПны өздөштүрүүдө жакшы натыйжаларга жетүү максатында студенттер студенттик өзүн өзү башкарууну өнүктүрүүгө катышууга, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, студенттик илимий коомдордун иштерине катышууга милдеттүү.

4.2.3. Студенттер ОКБМнин КНБПсында каралган бардык тапшырмаларды өз учурунда аткарууга милдеттүү.

4.3. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү жумасына 54 саат болуп аныкталат, бул көлөм студенттин аудиториялык жана аудиториялык эмес (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрлөрүн камтыйт.

Окутуунун күндүзгү формасында бир жумадагы аудиториялык сабактардын көлөмү ар бир адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен ОКБнын мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан аныкталып, ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн сааттын жалпы көлөмүнүн 50%ынан кем эмес саатты түзөт.

4.4. Окутуунун кечки формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбоого тийиш.

4.5. Окутуунун дистанттык (сырттан окуу) формасында студентке окутуучу менен жылына 5-6 кредиттен (160 сааттан) кем эмес көлөмдө сабак алуу мүмкүнчүлүгү камсыз кылынууга тийиш.

4.6. Окуу жылындагы каникулдук мезгилдин көлөмү 7-10 жумадан кем болбоого тийиш, анын ичине эки жумадан кем эмес кышкы мезгилдеги каникул кирет.

4.7. «Дене тарбия» адистиги боюнча КНБПны ишке ашыруучу ОКБМ студенттерге окуу жана өндүрүштүк практикаларды натыйжалуу өткөрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Практика студенттерди кесиптик даярдоого түздөн-түз багытталган окуу ишмердигинин түрү болуп саналат.

Практикалардын конкреттүү түрлөрү ОКБМнин КНБПсы тарабынан аныкталат. Практиканын ар бир түрүнүн мөөнөттөрү жана мазмуну, максаты жана милдеттери, программасы жана отчеттуулук формалары ОКБМ тарабынан аныкталат.

Практикалар, түрүнө (педагогикалык, тренердик ж.б.) жараша, менчиктин ар кыл түрүндөгү жалпы билим берүү мекемелеринде, спорттук уюмдарда (спорттук мектептер, спорт клубдары жана борборлору, бассейндер) өткөрүлөт. Ал мекемелерде тиешелүү материалдык-техникалык жабдуулар жана квалификациялуу мугалимдер, тренерлер, инструктор-методисттер болууга тийиш. Практика аталган мекемелердин жетекчилери менен түзүлгөн келишимдердин негизинде өткөрүлөт.

Педагогикалык практиканын окуу-методикалык жактан жетекчилигин ОКБМнин тажрыйбалуу окутуучулары ишке ашырышат, алар окуу пландарынын, практиканын программасынын аткарылышын жана практиканын жогорку сапатта өткөрүлүшүн камсыз кылат.

Практиканын жыйынтыгы менен дифференцияланган баа («эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «канааттандырарлык эмес») коюлат.

## 5. КНБПна карата талаптар

**5.1. Кесиптик негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжаларына коюлуучу талаптар.**

050720 – «Дене тарбия» адистигинин бүтүрүүчүсү, кесиптик негизги билим берүү программасынын максаттарына жана ушул ОКБ БМСтин 3.4., 3.8. пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик ишмердиктин милдеттерине ылайык, төмөнкү компетенцияларга ээ болууга тийиш:
а) кесиптик ишмердикке туура келүүчү жалпы (универсалдык) компетенциялар:
**ЖК-1.** Өзүнүн болочок кесибинин маңызын жана коомдук маанисин түшүнүү, ага туруктуу түрдө кызыгуу.
**ЖК-2.** Өз ишмердигин уюштуруу, кесиптик маселелерди чечүүнүн методдорун аныктоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо.
**ЖК-3.** Мамлекеттик, официалдуу жана чет тилдерди билүү.
**ЖК-4.** Анализ жана синтез кылууга жөндөмдүүлүк.
**ЖК-5.** Кесиптик маселелерди коюу жана чечүү үчүн, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөөнү, анализдөө жана баалоону жүргүзүү.
**ЖК-6.** Жамаатта жана командада иштөө, жетекчилик, кесиптештер жана коомдук өнөктөштөр менен натыйжалуу байланышуу жана мамиле кылуу.
**ЖК-7.** Тынымсыз үйрөнүүгө даярдык.
**ЖК-8.** Маселелерди чечүү, стандарттуу жана адаттан тыш кырдаалдарда чечим кабыл алуу, демилге көтөрүү жана жоопкерчиликти мойнуна алуу.
**ЖК-9.** Максат коюу, окуучулардын ишмердигин мотивдештирүү, билим берүү процессинин сапаты үчүн жоопкерчиликти өзүнө алып, окуучулардын ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө.
**ЖК-10.** Өзүнүн инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, өзгөрүүлөргө ыңгайлашуу.
**ЖК-11.** Кесиптик жана инсандык өнүгүүнүн маселелерин өз алдынча аныктоо, өз алдынча билим алуу, квалификацияны жогорулатууну аң-сезимдүү пландаштыруу.
**ЖК-12.** Кесиптик ишмердиктин максаттары, мазмуну жаңырып, технологиялар алмашкан шарттарда ишмердикти жүргүзүү.
**ЖК-13.** Кесиптик маселелерди коюу жана чечүү, алардын чечүүнүн методдорун аныктоо.
**ЖК-14.** Компьютерде иштей билүү.

**б) кесиптик ишмердиктин негизги түрлөрүнө туура келүүчү кесиптик компетенциялар:**
Бүтүрүүчү төмөнкүдөй кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш:

**Педагогикалык ишмердикте:**
**ПК-1.** Дене тарбия жана спорт тармагындагы окуу-тарбия жана машыгуу процесстерин пландаштырууда жана уюштурууда алынган билимдерди практикада колдонуу.
**ПК-2.** Машыгуучулардын инсандыгын калыптандырууга көмөктөшүү, жалпы адамзаттык баалуулуктарды жана жашоонун сергек мүнөзүн пропагандалоо.
**ПК-3.** Машыгуучулардын ар кыл контингенттери үчүн окуу процессин пландаштыруунун документтерин (окуу пландарын, ар бир сабактын программасын ж.б.) өз алдынча иштеп чыгуу;
**ПК-4.** Окуучулардын физикалык жөндөмдөрүн жана функционалдык абалдарын баалоо, машыгуучулардын абалын оңдоо үчүн кыймылдык ишмердиктин каражаттарын жана методдорун алардын жекече жөндөмдөрүн эске алуу менен ылайыктап тандап алуу.
**ПК-5.** Мектепке чейинки, мектеп жашындагы балдар менен, башталгыч, орто кесиптик билим берүү мекемелеринин окуучулар менен дене тарбия сабагын өз алдынча өтүү, класстан тышкаркы спорттук иштерди жүргүзүү.

**ПК-6.** Кыймылдык аракеттерге үйрөтүү.
**ПК-7.** Физикалык көнүгүүлөрдү аткаруу техникасынын натыйжалуулугун көзөмөлдөө, аны өркүндөтүүнүн ыкмаларын иштеп чыгуу жана колдонуу.
**ПК-8.** Окуу процессинде колдонулуп жаткан каражаттардын жана методдордун натыйжалуулугун баалоо жана аларга түзөтүү киргизүү.
**ПК-9.** Травматизмдин алдын алууну жүргүзүү, машыгуу процессинде жаракат алган адамга алгачкы жардам көрсөтүү.

**Тренерлик ишмердикте:**
**ПК-10.** Балдарда жана өспүрүмдөрдө спорттун тандаган түрү боюнча машыгууга кызыгууну калыптандыруу, машыгуучуларды калыс спорттук атаандаштыктын моралдык принциптерине тарбиялоо;
**ПК-11.** Спорттук машыгуу теориясынын калыптануу башаттарын жана эволюциясын, дене тарбия жана спорт сферасындагы ишмердиктин медициналык-биологиялык жана психологиялык негиздерин аңдап-түшүнөт;
**ПК-12.** Ар кыл курактагы жана спорттук даярдыктагы машыгуучулар үчүн спорттун тандалган түрү боюнча машыгуучулук жана мелдештик ишмердикти пландаштыруу жана уюштурууда мурда алынган билимдерди колдонуу;
**ПК-13.** Антропометрикалык, физикалык жана психологиялык параметрлерди аныктоо боюнча заманбап методикаларды колдонуу менен спорттун тандалган түрүнө кабыл алуу жана спорттук багыттоо системасын жүргүзүү.
**ПК-14.** Балдардын жана өспүрүмдөрдүн спортунун сферасында жана массалык разряддардагы спортсмендер менен иштөөнүн оперативдүү жана перспективалык пландарын, конкреттүү сабактардын пландарын иштеп чыгуу.
**ПК-15.** Спорттун тандалган түрү боюнча машыгуу сабактарын өз алдынча өтүү, травматизмдин алдын алууну жүргүзүү.
**ПК-16.** Машыгуучунун функционалдык абалын, кыймылдык аракеттердин техникасынын жетишилген деңгээлин жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн көзөмөлдөөнүн спорттун тандалган түрү үчүн натыйжалуу болгон педагогикалык көзөмөлдөө технологияларын, машыгуу процессин коррекциялоонун жана анын натыйжалуулугун жогорулатуунун технологияларын билет.

**Уюштуруу-башкаруу ишмердигинде:**
**ПК-18.** Пландоонун жана отчеттуулуктун документтерин түзүүгө, ден соолукту чыңдоочу, массалык дене тарбиялык жана спорттук иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө жөндөмдүү.
**ПК-19.** Дене тарбия жана спорт сферасындагы учёттун жана отчеттуулуктун документтерин түзүүнү билет.

**Окуу-изилдөө ишмердигинде:**
**ПК-19.** Изилдөөнүн натыйжаларын математикалык статистиканын методдорун, маалыматтык технологияларды колдонуп иштетүүгө, анализдөөгө, изилдөөнүн жыйынтыктарын жана корутундуларды чечмелөөгө жөндөмдүү.

**Маданий-агартуучулук ишмердикте:**
**ПК-20.** Дене тарбия менен машыгуунун ден соолукту чыңдоого, эмгекке жөндөмдүүлүктү колдоого, активдүү узак өмүр сүрүүгө таасири жөнүндө, балдарды жана өспүрүмдөрдү спорт менен машыгууга тартуу жөнүндө агартуучулук жана пропагандалык иш жүргүзө алат.
**ПК-21.** Дене тарбия жана спорт тармагында чогултулган рухий баалуулуктарды, машыгуучулардын инсандык өзгөчөлүктөрү жөнүндө алынган маалыматтарды мекенчилдикке тарбиялоо үчүн, девианттык жүрүм-турумдун алдын алуу үчүн, жашоонун

сергек мүнөзүн, дене тарбия жана спорт менен системалуу машыгууга болгон керектөөнү калыптандыруу үчүн колдонууга жөндөмдүү.
**ПК-22.** Мамиле түзүү ыкмаларын билет жана аларды машыгуучулардын жамааты менен, ар бир индивидуум менен иштөөдө колдоно алат.

**5.2. Кесиптик негизги билим берүү программасынын структурасына карата талаптар.**

050720 – «Дене тарбия» адистиги боюнча КНБП төмөнкү окуу циклдерин жана окуу бөлүмдөрүн камтыйт:
ОКБ 1 – гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл;
ОКБ 2 – математика жана табияттаануу цикли;
ОКБ 3 – кесиптик цикл,
Окуу бөлүмдөрү:
ОКБ 4 – дене тарбия;
ОКБ 5 – практика;
ОКБ 6 – жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация.

Ар бир дисциплиналар цикли базалык (милдеттүү) бөлүккө (80%) жана вариативдүү бөлүккө (20%) ээ. Вариативдүү бөлүк базалык бөлүктөгү дисциплиналардын мазмуну менен аныкталган билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү жана компетенцияларды кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Вариативдүү бөлүктү ОКБМ ишке ашырылып жаткан кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык аныктайт.

**050720 – «Дене тарбия» адистиги боюнча орто кесиптик билимдин кесиптик негизги билим берүү программасынын структурасы**

| КНБПнын ДЦнын коду | Окуу циклдери жана аларды өздөштүрүүнүн долбоорлонгон натыйжалары | Сарпталуучу эмгек көлөмү, кредит (зачеттук бирдик) | Болжолдуу программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын түзүү үчүн дисциплиналардын тизмеси | Калыптандырылуучу компетенциялардын коддору |
|---|---|---|---|---|
| ОКБ 1. | Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл | 10 | | |
| | **Базалык бөлүү**<br>Циклдин базалык бөлүгүн үйрөнгөндөн кийин студент:<br>**<u>Билүүгө тийиш:</u>**<br>• кептик коммуникациянын негиздерин, шарттарын жана формаларын;<br>• мамлекеттик тилдин, орус тилинин жана бир чет тилдин грамматикасын, лексикасын, 2000 сөздөн кем эмес сөздүк корго ээ болуу;<br>• кесиптик сүйлөшүүдөгү негизги сөздөрдүн жана айтымдардын кыргызча (орусча) жана чет | 8<br><br><br>2<br><br><br>2<br><br><br><br>2 | - Кыргыз (орус) тили<br>- Чет тили<br><br><br>- Кыргызстан тарыхы | ЖК:1, 3, 5, 6, 7, 8, 10, 13 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тилдеги эквиваленттерин, философиянын өзгөчөлүктөрү жөнүндө, анын маданияттагы орду, дүйнөнүн илимий, философиялык жана диний картиналары жөнүндө, адамдын маңызы, жашоонун максаты-маңызы жөнүндө түшүнүккө ээ болуу;<br>• аң сезимдин маңызы, аң-сезимдин жана өзүн-өзү аңдоонун табияттагы ролу жөнүндө, техникалык өнүгүү доорундагы карама-каршылыктар жана кризистер жөнүндө түшүнүк алуу;<br>• цивилизациянын өнүгүшүндөгү илимдин орду, илим менен техниканын карым-катышы, аны менен байланышкан азыркы социалдык жана этикалык маселелер жөнүндө түшүнүк;<br>• жан дүйнө менен адамдын денесинин карым-катышы, адамдагы биологиялык башат менен коомдук башаттын карым-катышы, адамдын табиятка мамилеси жана азыркы учурдагы карама-каршылыктар;<br>• философиянын негизги багыттары, мектептери жана анын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары;<br>• онтологиянын жана гносеологиянын негизги маселелери, коомдун структурасы, тарыхый прогрesстин концепциясы жана азыркы замандын глобалдык маселелери;<br>• инсандын калыптануу шарттары, анын эркиндиктери, жашоону, табиятты, маданиятты сактоо үчүн жоопкерчилиги;<br>• зомбулуктун жана момундуктун тарыхтагы жана адамдын жүрүм-турумундагы ролун, адамдын башкаларга жана өзүнө карата адеп-ахлактык милдеттерин түшүнүү;<br>• илимий рационалдуулуктун баалуулугу, анын тарыхый типтери, илимий таанып-билүүнүн структурасы, формалары жана методдору, алардын эволюциясы;<br>• тарых жөнүндө илим катары түшүнүк, анын гуманитардык билимдердин системасындагы орду, | 2 | -Философия | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тарыхый ой жүгүртүүнүн негиздерине ээ болуу;<br>• тарыхый билимдин булактары жана алары менен иштөө ыкмалары жөнүндө түшүнүк алуу;<br>• атамекендин тарыхынын негизги этаптары жана өзгөчөлүктөрү;<br>• адамдын адамга, коомго, табиятка карата мамилесин жөнгө салуучу этикалык нормалар;<br>• кыргыз коомун стратификациялоонун негизги проблемаларын анализдөө, жакырчылыктын жана теңсиздиктин себептери, социалдык топтордун, жалпылыктардын, этностордун карым-катышындагы маселелер.<br><br>**<u>Аткара алууга тийиш:</u>**<br>• кесиби боюнча оригиналдуу адабияттар менен иштөө;<br>• кесиптик ишмердик тармагындагы тексттердин негизги мазмунун түшүнүү, негизги ойду аныктоо;<br>• тиричиликтик жана кесиптик коммуникация сферасындагы кепти түшүнүү;<br>• ар кыл мүнөздөгү (тиричиликтик, кесиптик ж.б.) темада сүйлөшүү деңгээлинде диалог жүргүзүү;<br>• ишкердик каттын формаларын билүү;<br>• башкаруу ишмердигиндеги тексттик документтерди даярдоо көндүмдөрүнө ээ болуу;<br>• тарыхый мураска баалуулуктук мамилеге байланышкан маселелер боюнча өз көз карашын чагылдыруу жана негиздөө;<br>• дүйнөтаанымдык, социалдык жана инсандык мааниге ээ философиялык маселелерди, процесстерди анализдөө;<br>• философия боюнча алган теориялык билимдерин табияттын, коомдун жана ой жүгүртүүнүн азыркы абалын талдоодо колдонуу;<br>• диалектиканын негизги мыйзамдары боюнча билимдерди өзүнүн кесиптик ишмердигинде колдонуу; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | • учурдагы коомдун реалдуу процесстери жөнүндө өз көз карашын аргументтештирүү;<br>• тарыхый өтмүшкө карата баалуулуктук мамилеге байланышкан маселелер боюнча өз позициясын чагылдыруу жана негиздөө.<br><br>**<u>Ээ болууга тийиш:</u>**<br>• мамлекеттик, орус жана чет тилдеги негизги кесиптик терминологияга;<br>• тиричиликтик жана кесиптик коммуникация сферасына тиешелүү кептик ишмердиктин билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө, эл алдына чыгып сүйлөө көндүмдөрүнө;<br>• кесиптик ишмердиктеги тексттик документтерди (расмий-ишкердик жазуу кебин) даярдоо көндүмдөрүнө. | | | |
| | **Вариативдүү бөлүк** (билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр ОКБМнин КНБП тарабынан аныкталат). | 2 | | |
| ОКБ 2 | **Математика жана табияттаануу цикли** | 8 | | |
| | **Базалык бөлүк.**<br>Базалык бөлүктү үйрөнгөндөн кийин студент:<br>**<u>Билүүгө тийиш</u>:**<br>- Фундаменталдык жана табияттаануу дисциплиналарынын азыркы дүйнөдөгү жана дене тарбия жана спорт системасындагы ролу жана мааниси жөнүндө түшүнүккө ээ болуу;<br>- Негизги математикалык структуралар жана методдор жөнүндө, математикалык моделдештирүү жөнүндө түшүнүккө ээ болуу;<br>- Жаратылыштагы жана коомдогу маалыматтык процесстер, маалымат түшүнүгү, аны сактоонун жана иштетүүнүн ыкмалары жөнүндө түшүнүккө ээ болуу;<br>- Жаратылышты рационалдуу пайдалануунун экологиялык принциптери, жандуу дүйнөнүн өзгөчөлүктөрү, жандуу системалардын эволюциясынын, көбөйүүсүнүн жана өнүгүүсүнүн, алардын бүтүндүгүнүн | 6<br>2<br>2<br>2 | Математика<br>Информатика;<br>Дене тарбиянын табияттаануучулук негиздери; | ЖК: 1, 2, 4, 5, 7, 12, 13, 14<br>КК:19 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | принциптери жөнүндө түшүнүккө ээ болуу;<br>- материянын уюштурулушунун биологиялык формасынын өзгөчөлүктөрү, жандуу системалардын көбөйүүсүнүн жана өнүгүүсүнүн принциптери, биосфера жана анын эволюциясынын багыттары жөнүндө түшүнүктөр;<br>- Математикалык анализдин негиздери, негизги математикалык структуралар жана методдор.<br>- Ыктымалдуулук теориясынын жана математикалык статистиканын негиздери;<br>- Маалымат теориясы, аны сактоонун жана иштетүүнүн ыкмалары;<br>- ЭЭМдин түзүлүшү, иштөө принциптери жана негизги мүмкүнчүлүктөрү, ЭЭМдин локалдык жана глобалдык тармактары;<br>- Алгоритмдердин типтери, программалоо тилдери жана өз кесиптик ишмердигинин стандарттык программалык камсыздалышы;<br>- Функционалдык жана эсептик маселелерди чыгаруунун моделдери;<br>- Маалыматтарды коргоонун негиздери;<br>- Механиканын, статиканын, кинематиканын, динамиканын, электростатиканын жана электродинамиканын негиздери;<br>- Атомдун жана молекуланын түзүлүшү, химиялык байланыштардын типтери;<br>- Аралашмалар жана взвестер;<br>- Химиялык реакциялар жана алардын тездигин аныктоочу факторлор.<br>**<u>Аткара билүүгө тийиш:</u>**<br>- Математикалык анализдин жана математикалык статистиканын негиздерин колдонуу;<br>- Стандарттуу программалык жабдууну кесиптик ишмердикте колдонуу;<br>- Табияттаануу дисциплиналарынын негизги түшүнүктөрүн, мыйзамдарын практикалык ишмердиктин максаттарына ылайык колдонуу;<br>- адамдын өсүшүнүн жана өнүгүшүнүн биологиялык мыйзамченемдүүлүктөрү | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жөнүндө негизги билимдерди дене тарбиянын практикасында колдонуу;<br>- кесиптик ишмердиктин маселелерин чечүү үчүн компьютерди колдонуу;<br>- маалыматтык коопсуздуктун негизги талаптарын сактоо.<br>**<u>Ээ болууга тийиш:</u>**<br>- илимий, ишкердик жана педагогикалык маалыматтарды жыйноонун, иштетүүнүн жана чагылдыруунун негизги методдоруна жана рационалдуу ыкмаларына;<br>- локалдык жана глобалдык компьютердик тармактарда маалымат менен иштөө көндүмдөрүнө. | | | |
| | Вариативдүү бөлүк (билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр ОКБМдин КНБПсы тарабынан аныкталат). | 2 | | |
| **ОКБ 3** | **Кесиптик цикл** | 75 | | |
| | **Базалык бөлүк**<br>Циклдин базалык бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин студент:<br>***<u>Түшүнүктөргө ээ болууга тийиш:</u>***<br>- Дене тарбиянын цивилизациянын тарыхындагы ролу жөнүндө;<br>- Дене тарбия жана спорттун маңызы, алардын ролу, формалары жана шарттары жөнүндө;<br>- адамдын жана коомдун физикалык, психикалык жана социалдык саламаттыгынын өз ара байланышы жөнүндө билимдердин системасы жөнүндө;<br>- спорттук педагог менен окуучулардын жана жамааттын мүчөлөрүнүн ортосунда жагымдуу жагдайды жана мамилелешүү атмосферасын түзүүнүн ыкмалары жана жолдору жөнүндө;<br>- окуу-тарбиялык жана машыктыруучулук иштерди, массалык ден соолукту чыңдоо иштерин уюштуруунун психологиялык-педагогикалык негиздери жөнүндө;<br>- калктын ар кыл контингенттерине дене тарбиясын берүүнүн атамекендик жана четөлкөлүк системаларынын тарыхы, мыйзамченемдүүлүктөрү, принциптери жана методдору жөнүндө, алардын дене тарбиянын жалпы системасындагы ролу жана | 60 | - Адамдын анатомиясы;<br>- Адамдын биохимиясы, Дене тарбия жана спорттун биохимиясы;<br>- Адамдын физиологиясы, булчуң ишмердигинин физиологиясы;<br>-Спорттук медицина;<br>-Кыймыл ишмердигинин биомеханикасы;<br>- Дене тарбия жана спорттун тарыхы;<br>-Дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуунун негиздери;<br>-Дене тарбия жана спорттун психологиясы;<br>- Дене тарбия жана спорттун педагогикасы;<br>- Дене тарбия жана спорттун | ЖК:1-8<br>КК:1-22 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | орду жөнүндө;<br>- массалык дене тарбия, ден соолукту чыңдоо иштеринин атамекендик жана четөлкөлүк тажрыйбалары жөнүндө;<br>- дене тарбия жана спорт сферасындагы башкаруунун маңызы, функциялары, методдору жана уюштуруучулук проблемалары жөнүндө;<br>- дене тарбиянын жана спорттун социалдык мамилелерге тийгизген таасири жөнүндө.<br>***<u>Билүүгө тийиш</u>:***<br>- Өз кесибинин маңызын жана социалдык маанисин, болочок кесибинин конкреттүү тармагын аныктаган негизги маселелерди, алардын билимдер системасы менен карым-катышын;<br>- Дене тарбиянын, спорттун олимпиадалык жана улуттук түрлөрүнүн тарыхын, дене тарбиянын социалдык маңызын, структурасын жана функцияларын. Дене тарбиядагы педагогикалык даярдыктын максатын, милдеттерин, негизги компоненттерин.<br>- Дене тарбиянын жана спорттун теориясынын жалпы теориялык негиздери;<br>- Дене тарбиянын теориясынын жана методикасынын негиздери;<br>- Спорттук машыгуунун теориясынын жана методикасынын негиздери жалпы методологиялык аспектиде жана алардын спорттун тандалган түрүндөгү өзгөчөлүктөрү;<br>- Адамдын организминин анатомиялык-физиологиялык, биохимиялык, социалдык-психологиялык мүнөздөмөлөрү жана анын спорттук-мелдештик ишмердиктин таасири алдында өнүгүшү;<br>- Адамдын кыймылынын механикасы жана анын спорттун тандалган түрүндөгү өзгөчөлүктөрү;<br>- Адамдын организминин дене тарбия жана спорттун таасири алдындагы өнүгүүсүнүн курактык динамикасы;<br>- Дене тарбия жана спорттун ден соолукту чыңдоочу, эстетикалык жана | | экономикасы;<br>- Кесиптик ишмердиктин укуктук негиздери;<br>- Спорттун базалык түрлөрүн окутуунун теориясы жана методикасы;<br>- Спорттун тандалган түрүнүн теориясы жана методикасы;<br>- Спорттук-педагогикалык өркүндөтүү | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | педагогикалык аспектилери;<br>- Дене тарбия жана спорттун республикадагы уюштурулушунун структурасы, дене тарбия жана спорттогу мыйзамдык негиздер, экономикалык мамилелер;<br>- Дене тарбия жана спорттогу, спорттун тандалган түрүндөгү илимий жетишкендиктер;<br>- Кыргызстандагы жана бөлөк өлкөлөрдөгү дене тарбия системасындагы нормативдик-укуктук документтер;<br>- Психология илиминин негизги категориялары жана түшүнүктөрү;<br>- Психикалык, физикалык өнүгүүнүн мыйзамченемдүүлүктөрү жана алардын ар түрдүү куравтардагы көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү;<br>- Социалдык психологиянын, инсан аралык мамилелер психологиясынын, чоң жана кичи топтор психологиясынын негиздери;<br>- Формалдуу жана формалдуу эмес мамилелердин өзгөчөлүктөрү, лидерликтин жана функционалдык жоопкерчиликтин табияты;<br>- Машыгуучулардын жөндөмдөрүн жана кыймылдык билгичтиктерин өнүктүрүүнүн психофизиологиялык, социалдык-психологиялык жана медициналык-биологиялык мыйзамченемдүүлүктөрү;<br>- Адамдын организминин системаларынын ар түрдүү физикалык жүктөмдөргө ыңгайлашуу механизмдери;<br>- Ар түрдүү курактагы жана ар башка жыныстагы адамдардын морфофункционалдык өзгөчөлүктөрү;<br>- Адамдын кыймылдык аракеттерин башкаруунун теориялык негиздери;<br>- Адамдын циклдик жана ациклдик локомоцияларынын биомеханикалык мүнөздөмөлөрү, адамдын кыймылдык сапаттарынын көрүнүштөрүн аныктоочу факторлор;<br>- Физикалык көнүгүүлөргө үйрөтүү методикасынын негиздери, машыгуучулардын курактык, психологиялык-физиологиялыку өзгөчөлүктөрүнүн | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | мыйзамченемдүүлүктөрүн эске алуу менен физикалык сапаттарды тарбиялоо методикасынын негиздери;<br>- Спорттун базалык түрлөрүнө үйрөтүү теориясынын жана методикасынын негиздери;<br>- Дене тарбиялык-спорттук ишмердиктин жана машыгуучулардын жамаатындагы тарбиялык иштин базалык түрлөрүндөгү окуу-машыгуу процессин жана мелдештерди пландаштыруунун жана уюштуруунун мазмуну, формалары жана методдору;<br>- Кыймылдык көндүмдөрдү жана билгичтиктерди өнүктүрүүгө, физикалык сапаттарды тарбиялоого багытталган окуу-тарбия, окуу-машыгуу иштерин, массалык дене тарбия, окуу-ден соолукту чыңдоо, рекреативдик-гигиеналык, кесиптик-прикладдык жана башка сабактарды уюштуруунун жана өткөрүүнүн психологиялык-педагогикалык мыйзамченемдүүлүктөрүнүн негиздери;<br>- Дене тарбия жана спорт психологиясынын, спорттук жамааттагы инсан аралык мамилелердин психологиясынын, спорттук командалардын психологиясынын негиздери, лидерликтин жана функционалдык жоопкерчиликтин табияты;<br>- Дене тарбия жана спорт тармагындагы адистин инсандык сапаттарына коюлуучу негизги талаптар, адистин кесиптик чеберчилигин калыптандыруунун негиздери;<br>- Адамдын организминин морфофункционалдык өзгөчөлүктөрү, дене тарбия жана спорт сферасындагы ишмердиктин санитардык-гигиеналык негиздери, дарыгердик-педагогикалык көзөмөлдү жүргүзүүнүн, травматизмдин алдын алуунун методдору, алгачкы медициналык жардам көрсөтүүнүн методдору;<br>- болочок кесиптик ишмердигиндеги мыйзамдык жөнгө салуунун негиздери, кесиптик ишмердик сферасындагы укуктук жана этикалык | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | нормалар;<br>- Кыргызстандагы дене тарбия жана спортту өнүктүрүүнүн экономикалык негиздери;<br>- Дене тарбиянын республикадагы уюшулушунун структурасы, дене тарбия сферасындагы мыйзамдык негиздер, экономикалык мамилелер;<br>- Дене тарбия жана спорт сферасындагы кесиптик ишмердиктин уюштурулуу структурасы;<br>- Мыйзамдык негиздер, Кыргыз Республикасынын дене тарбия тармагы боюнча нормативдик-укуктук документтери;<br>- Кыргыз Республикасында дене тарбия-спорттук багыттагы мамлекеттик уюмдарды, коомдук уюмдарды, коммерциялык уюмдарды түзүүнүн жана ишмердигин уюштуруунун укуктук жактан жөнгө салынышы;<br>- Дене тарбия жана спорттун физиологиялык негиздери, булчуңдук ишмердиктин метаболизми;<br>- Дене тарбиянын жана спорттун ар кыл түрлөрүнүн адамдын организмине тийгизген таасиринин негизги мыйзамченемдүүлүктөрү жана өзгөчөлүктөрү;<br>- Спорттун тандалган түрү боюнча спорттук машыгуунун тарыхы, теориясы жана методологиясы, анын спецификалуу багыты жана дене тарбия системасындагы орду;<br>- Машыгуучулардын контингентинин адистешүүсүн жана өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен физикалык сапаттарды тарбиялоонун методикасы;<br>- Спорттун түрлөрү боюнча сабактарды ар кыл уюмдук бөлүктөрдө (жалпы билим берүүчү мектептерде, колледждерде, гимназияларда, балдар үчүн спорттук мектептерде ж.б.) уюштуруунун жана өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү;<br>- Сабактарды жана спорттук машыгууларды билим берүү, маданият жана саламаттык сактоо системасынын ар кыл бөлүктөрүндө уюштуруунун формалары жана методдору; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - Машыгуучулардын абалын медициналык-биологиялык, педагогикалык жана психологиялык көзөмөлдөөнүн методдору;<br>- Калктын ар түрдүү контингенттерине дене тарбиясын берүүнүн принциптери жана методдору, дене тарбиялык-спорттук ишмердиктин базалык түрлөрүнө үйрөтүүнүн теориясынын жана методикасынын негиздери;<br>- Спорттук машыгуу теориясынын калыптанышынын башаттары жана эволюциясы, балдар-өспүрүмдөр спортундагы жана массалык разряддагы спортчулардагы спорттун тандалган түрү боюнча машыгуунун медициналык-биологиялык жана психологиялык негиздери, технологиялары;<br>- Спорттогу уюштуруу-башкаруу ишмердигинин заманбап формалары жана методдору.<br>***Аткара билүүгө тийиш:***<br>- Дене тарбия, спорттук машыгуу жана тектеш дисциплиналар боюнча алган билимдерди педагогикалык ишмердикте колдонуу;<br>- Инсанды гармониялык өнүктүрүүнүн, адамдын ден соолугун чыңдоонун факторлору катары дене тарбиянын, спорттук даярдыктын жана дене тарбиялык-ден соолукту чыңдоочулук иштердин жалпы жана конкреттүү максаттарын, милдеттерин аныктоо;<br>- Педагогикалык, окуу-тарбиялык, спорттук, дене тарбиялык- массалык жана ден соолукту чыңдоочулук иштерди машыгуучулардын физиологиялык, курактык жана жыныстык өзгөчөлүктөрүн, алардын физикалык жана спорттук даярдык деңгээлдерин, климаттык, регионалдык жана улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен пландаштыруу, уюштуруу жана өткөрүү;<br>- Адамдын организмде анын өнүгүү процесси менен бирге жүрүүчү физиологиялык процесстер жөнүндө билимдерди дене тарбиянын | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | практикасында колдонуу;<br>- Машыгуучулардын абалын, физикалык жүктөмдөрдүн аларга тийгизген таасирин көзөмөлдөөнүн педагогикалык, медиктик-биологиялык методдорун колдонуу жана көзөмөлдүн натыйжасына жараша физикалык жүктөмдөрдү тууралоо;<br>- Машыгуучулардын кыймыл техникасында кетирген каталарынын себептерин аныктоо, ал каталарды жоюунун ыкмаларын жана каражаттарын тандоо, өзүн өзү анализдөө жана өркүндөтүү үчүн шарттарды түзүү;<br>- Дене тарбия-спорттук сабактын жүрүшүндө жаракат алгандарга алгачкы жардам көрсөтүү;<br>- Кесиптик ишмердикте заманбап методдорду, ыкмаларды, техникалык каражаттарды (аудиовизуалдык техниканы, тренажерлорду ж.б.) колдонуу;<br>- Дене тарбия жана спорт тармагында чогултулган баалуулуктарды, машыгуучулардын инсандык өзгөчөлүктөрү жөнүндө алынган маалыматтарды мекенчилдикке тарбиялоо үчүн, жашоонун сергек мүнөзүн, системалуу дене тарбиялык-спорттук машыгууларга карата керектөөнү калыптандыруу үчүн колдонуу;<br>- Машыгуучулардын ишмердигин көзөмөлдөөнүн жыйынтыктарына жараша өз кесиптик ишмердигин сын көз менен баалоо жана өзгөртүү;<br>- Ар кыл рангдагы спорттук-массалык, дене тарбия-ден соолукту чыңдоо иш-чараларын уюштуруу жана өткөрүү;<br>- Кесиптик ишмердик сферасында жеткиликтүү формадагы илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана өткөрүү;<br>- Өз кесиптик ишмердигин сын көз менен баалоо жана оңдоо киргизүү;<br>- Болочок кесиптик ишмердигине байланыштуу документтерди түзө билүү.<br>***<u>Ээ болууга тийиш:</u>***<br>- Педагогика илиминин түшүнүктүк- | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | категориялык аппаратына, педагогикалык анализдин жана долбоорлоонун инструментарийине;<br>- Билим берүү сферасы боюнча, билим берүү процесстеринин мазмуну жана структурасы боюнча билимдердин системасына;<br>- Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын, колледждердин жана жогорку окуу жайлардын студенттеринин дене тарбия программасынын негизин түзгөн спорттун базалык түрлөрүнүн техникасына жана тактикасына;<br>- Окуучулар, спортчулар жана жетилген курактагы калк менен дене тарбиялык-ден соолукту чыңдоочулук жана спорттук иштерди жүргүзүүнүн методикасына;<br>- Ден соолукту калыптандырууну, сактоону жана чыңдоону камсыз кылган практикалык билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн системасына;<br>- Дене тарбия жана спорт тармагындагы заманбап билим берүү технологияларына, педагогикалык теорияны колдонуунун ыкмаларына;<br>- Спорттун тандалган түрүндөгү спорттук терминологияга;<br>- Спорттун тандалган түрүндөгү спорттук көнүгүүлөрдүн техникасына жана аларды үйрөтүүнүн методикасына;<br>- Спорт боюнча окуу жана машыгуу сабактарын уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасына;<br>- Спорттун тандалган түрүндөгү ар кандай квалификациядагы спортчуларды техникалык, тактикалык, психологиялык, теориялык жана физикалык даярдоонун методикасына. | | | |
| | Вариативдүү бөлүк (билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр ОКБМдин КНБПсы тарабынан аныкталат). | 15 | | |
| ОКБ 4 | **Дене тарбия**<br>Дене тарбияны окуп-үйрөнгөндөн кийин студент:<br>**Билүүгө тийиш:**<br>- Дене тарбиянын адамдын жалпы маданияттык, кесиптик жана | 3 | Дене тарбия | ЖК:10<br>КК:1-9 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | социалдык өнүгүүсүндөгү ролу жөнүндө;<br>- Жашоонун сергек мүнөзүнүн негиздерин.<br>**Аткара билүүгө тийиш:**<br>- Физикалык көнүгүүлөрдү аткаруу;<br>- Дене тарбиялык ишмердикти ден соолукту чыңдоо үчүн, турмуштук жана кесиптик максаттарга жетүү үчүн колдонуу;<br>- Физикалык көнүгүүлөрдү аткарууда сактоонун (страховка) жана өзүн өзү сактоонун ыкмаларын колдонуу, сабакта коопсуздук техникасын сактоо.<br>**Ээ болууга тийиш:**<br>- физикалык көнүгүүлөрдү аткаруудагы сактоонун жана өзүн өзү сактоонун ыкмаларына;<br>- алгачкы медициналык жардам көрсөтүүнүн ыкмаларына. | | | |
| ОКБ 5 | Практика | 12 | | ЖК:1-13<br>КК:1-22 |
| ОКБ 6 | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | 12 | | |
| | КНБПнын жалпы эмгек сарптоосу | 120 | | |

## 5.3. Кесиптик негизги билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар

### 5.3.1. Окуу процессинин адистик камсыздалышы

Адистиктин КНБПсынын ишке ашырылышы жогорку билимге, магистр даражасына ээ, окутулуучу дисциплинанын профилине туура келген педагогикалык адистер менен камсыздалууга тийиш.

Кесиптик циклдин окутуучулары тиешелүү адистик боюнча жогорку билимге жана тиешелүү кесиптик сферада практикалык ишмердик тажрыйбасына ээ болууга тийиш.

### 5.3.2. Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы

Адистиктин КНБПсынын ишке ашырылышы кесиптик негизги билим берүү программасындагы дисциплиналардын толук тизмеси боюнча түзүлгөн маалыматтык базалардан жана китепканалык фондудан ар бир студенттин пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен камсыздалууга тийиш.

ОКБМнын билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды камтууга тийиш (калыптанылуучу компетенцияларды эске алуу менен аныкталат).

Студенттердин кесиптик негизги билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияттары менен жана/же же электрондук адабияттар менен камсыздалышы нормативге туура келиши керек – бир студентке 0,5 нускадан кем эмес. Окуу маалыматтарынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүгө тийиш. Билим берүү процессинде мыйзам актылары, нормативдик документтер, кесипке багытталган мезгилдик басылмалардын материалдары колдонулушу зарыл.

Китепканалык фонду акыркы 10 жыл ичинде чыгарылган, бардык циклдердин дисциплиналары боюнча негизги жана кошумча адабияттардын кагаз жүзүндөгү басылмаларынан жана/же электрондук басылмаларынан турууга тийиш. Китепканалык фондуда, окуу адабияттарынан тышкары, расмий, маалыматтык-библиографиялык жана мезгилдик басылмалар болуусу керек. Электрондук басылмалар колдонулган учурда билим берүү мекемеси ар бир студентти окулуучу дисциплинанын көлөмүнө жараша компьютердик класстагы жумушчу орун менен жана лицензиялуу программалык жабдуунун зарыл комплектиси менен камсыз кылууга тийиш.

**5.3.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы**

ОКБнын КНБПсын ишке ашыруучу ОКБМ окуу планында каралган окуу сабактарынын, лабораториялык иштердин жана практикалык сабактардын бардык түрлөрүн, дисциплина боюнча, дисциплина аралык даярдануусун, студенттерди практикалык даярдоону камсыз кылуучу, учурдагы санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана нормаларга жооп берген материалдык-техникалык базага ээ болууга тийиш.

***Кабинеттердин, лабораториялардын жана башка жайлардын тизмеси***

***Окулуучу предметтер боюнча кабинеттер:*** гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар кабинети; педагогика жана психология кабинети; физиология, анатомия жана гигиена кабинети; чет тилдер кабинети; кыргыз тили жана окутуу методикасы кабинети; орус тили жана окутуу методикасы кабинети; математика жана окутуу методикасы кабинети; табияттаануу жана окутуу методикасы кабинети; балдар адабияты кабинети.

***Адистештирилген кабинеттер:*** методикалык кабинеттер, адистик дисциплиналары боюнча кабинеттер.

***Лабораториялар:*** информатика жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар лабораториясы.

***Спорттук комплекс:*** универсалдык спорттук шаарча, спорт залы, атлетикалык гимнастика залы.

***Залдар:*** китепкана, окуу залы, Интернетке кошулган компьютердик класс, актылык зал.

**5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын сапатын баалоо.**

1. ОКБ КНБПсын өздөштүрүү сапатын баалоо учурдагы көзөмөлдү, аралык көзөмөлдү жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны камтууга тийиш.

2. Билимдин учурдагы көзөмөлүнүн, ар бир дисциплина боюнча аралык аттестациянын конкреттүү формалары жана процедуралары билим берүү мекемеси тарабынан өз алдынча иштелип чыгат.

3. Студенттердин жекече жетишкендиктеринин тиешелүү КНБПнын аралык талаптарына туура келерин аттестациялоо (учурдагы жана аралык аттестация) үчүн билимди, билгичтиктерди жана өздөштүрүлгөн компетенцияларды баалоого мүмкүндүк берүүчү баалоо каражаттарынын фондулары түзүлөт. Аралык аттестация үчүн баалоо каражаттарынын фондулары билим берүү мекемеси тарабынан иштелип чыгып, өз алдынча бекитилет, ал эми жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация үчүн баалоо каражаттарынын фондулары билим берүү мекемеси тарабынан иштелип чыгып, жумуш берүүчүлөр менен алдын ала макулдашуудан кийин бекитилет.

4. Студенттердин компетенцияларын баалоо билимдерди жана компетенциялардын калыптанышын баалоо жолу аркылуу жүрөт. Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын баалоо эки негизги багытта жүргүзүлөт: дисциплиналарды өздөштүрүү деңгээлин баалоо жана студенттердин компетенцияларын баалоо.

5. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизүүнүн зарыл шарты болуп теориялык материалды үйрөнүүдө жана практиканы өтүүдө студенттин компетенцияларды өздөштүргөнүн тастыктаган документти тапшырышы эсептелет.

6. Мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестация жана мамлекеттик экзамендер иштелип чыккан жана бекитилген тиешелүү жобонун негизинде жүргүзүлөт.

Иштеп чыгуучулар тобунун жетекчиси:
п.и.к., м.а.проф., Ж.Баласагын атындагы
КМУУнун Дене тарбия жана спорт
Борборунун директору: М.Букуев

Түзүүчүлөр:

КР Билим берүү жана илим
министрлигинин кесиптик
билим берүү башкармалыгынын
башкы адиси: Т.Абылкасымов

Т.Эрматов атындагы Бишкек
музыкалык педагогикалык колледжинин
«Дене тарбия» бөлүмүнүн башчысы: Т.Маманазаров

Т.Эрматов атындагы Бишкек
музыкалык педагогикалык колледжинин
окутуучусу: З.Салыбаев